**Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемесинин**

# УСТАВЫ

**Бишкек-2025**

## 1. МЕКЕМЕНИН ӨЗҮНӨ ТААНДЫК АТАЛЫШЫ, ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕГИ ЖАНА ИШТӨӨ МӨӨНӨТҮ

1.1. Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүнү ишке ашыруучу муниципалдык билим берүү уюму болуп эсептелинет.
1.2. Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналган жалпы билим берүү мекемеси катары, өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Уставдын талаптарын так аткаруу менен иш алып барат.
1.3. Мекеменин толук аталышы :
Мамлекеттик тилде: Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси.
Расмий тилде: Учреждение «Средняя общеобразовательная школа № 48» Первомайского района города Бишкек.
Мекеменин кыскартылган аталышы:
Мамлекеттик тилде: Бишкек ш. Биринчи районунун «№ 48 ЖББОМ».
Расмий тилде: «СОШ № 48» Первомайского района г.Бишкек.
1.4. Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Биринчи май району, Малдыбаев көчөсү, № 3.
1.5. Уюштуруу-укуктук формасына ылайык, Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» (мындан ары – № 48 ЖББОМ) ыкчам башкаруу укугуна негизделген муниципалдык билим берүү мекемеси болуп саналат, ал негизги жана жалпы орто билим берүүнүн жалпы башталгыч жана окуучулардын каалоолоруна жана жөндөмдөрүнө ылайык жалпы билим берүү программаларын ишке ашырат.
1.6. № 48 ЖББОМдун уюштуруучусу болуп Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти саналат.
1.7. № 48 ЖББОМнын иштөө мөөнөтү чектелбейт .

## 2. ЮРИДИКАЛЫК СТАТУСУ

2.1 Бишкек шаарынын Биринчи май районунун «№ 48 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемеси «№ 48 мектеп-гимназия» мекемесинин укук мураскери болуп саналат (мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүк Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгы тарабынан берилген, сериясы ГПЮ № 0006609, 2012-жылдын 26-июнунда № 51292-3301-У-е катталган, ОКПО коду 20900131).
2.2. № 48 ЖББОМ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат жана өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ушул Уставдын талаптарын так аткаруу менен ишке ашырат. № 48 ЖББОМ Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө» типтүү жобонун, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, башка укуктук-ченемдик актыларынын жана ушул Уставдын негизинде иш алып барат.
2.3. № 48 ЖББОМдун менчик формасы – муниципалдык
2.4. № 48 ЖББОМ өзүнүн карамагындагы мүлк үчүн өз милдеттенмелери боюнча жооп берет.
2.5. № 48 ЖББОМ үзгүлтүксүз билим берүү тутумунун негизги звеносу болуп саналат, жарандардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде акысыз башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим алуу укугун ишке ашырууну камсыз кылат.
2.6. № 48 ЖББОМ өз атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды, милдеттенмелерди алууга, келишимдерди түзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга, оперативдүү башкаруунун негизинде мүлкүн өзүнчө жүгүртүүгө ээ.

2.7. № 48 ЖББОМ өзүнүн белгилери менен расмий мөөрү, штамптары жана бланктары бар. Мөөр, штамптар, фирмалык бланктар Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү департаменти тарабынан аныкталган, бекитилген формага ээ жана фирмалык аталышын камтыйт. Мөөр мектеп директорунда сакталат.

## 3. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ПРЕДМЕТИ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1 № 48 ЖББОМдун Билим берүү ишинин предмети болуп, билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде (баштапкы, негизги жалпы жана орто жалпы) билим берүү программаларын ишке ашыруу саналат.
3.2. № 48 ЖББОМдун иш максаты - мамлекеттик билим берүү стандарттарын өздөштүрүүнүн жана турмуштук компетенцияларга жетишүүнүн негизинде окуучулардын жалпы инсандык маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүү тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка, адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтоого, толеранттуулукка, мекенди, үй-бүлөнү жана айлана-чөйрөнү урматтоого, эмгекти сүйүүгө, сергек жашоо образын калыптандырууга тарбиялоо.
3.3. № 48 ЖББОМдун иш милдеттери :
- негизги билим берүү программаларын сапаттуу өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- шыктуу, окууга өзгөчө жөндөмдүү окуучуларды аныктоо;
- окутуунун инновациялык усулдарын жана технологияларын колдонуу аркылуу окуучулардын өз алдынча таанып-билүү көндүмдөрүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- жалпы билим берүү процессинде жергиликтүү жана чет өлкөлүк алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны пайдалануу, педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жана чыгармачылык ишин жогорулатуу;
-окуучуларды колледждерде жана ЖОЖдордо окуусун улантууга багыттоо.
3.4. № 48 ЖББОМ өз иш максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:
- окуучуларды Уставга ылайык окутуу жана тарбиялоо;
- окуу-тарбия процессинин усулдук жактан камсыз болушун уюштуруу жана өркүндөтүү;
- мамлекеттик билим берүү органдары тарабынан аныкталган стандарттарды сактоо менен тарбиялоо, билим берүү программаларын жана пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү;
- ушул Уставда каралган милдеттерди ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык базаны түзүү жана жакшыртуу;
№ 48 ЖББОМ түзүлгөн максаттарына жооп бербеген иш менен алектенүүгө укугу жок.

## 4. НЕГИЗГИ ИШ ПРИНЦИПТЕРИ

4.1. № 48 ЖББОМ төмөнкү принциптердин негизинде иштейт:
- бардык жарандардын сапаттуу билим алуу укуктарынын теңдиги;
- гуманизм жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү;
- жарандык жана патриотизм;
- билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- окуучулардын ден соолугун коргоону камсыз кылуу, ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- окутуунун светтик мүнөзү;
- академиялык эркиндик жана чынчылдык;
- жоопкерчилик жана натыйжалуулук.
4.2. № 48 ЖББОМ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдик негизде окуу-тарбия процессин уюштуруу, күтүү жана камсыз кылуу маселелери боюнча кесиптик окуу жайлар менен кызматташа алат.

## 5. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИ

5.1. №48 ЖОББМ билим берүү процессин мектептик билим берүүнүн үч баскычынын жалпы билим берүү программаларына ылайык жүргүзөт:
-жалпы башталгыч билим (1–6-класстар);
-негизги жалпы билим (7–9-класстар);
-жалпы орто билим (10–12-класстар).
- ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.
- башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери окуучуларды окутуу, тарбия берүү жана өнүктүрүү жана аларда окуу, жазуу жана эсептөө, логикалык ой жүгүртүү жана таанып-билүү ыкмаларын, жөнөкөй өзүн-өзү билим берүү жана өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн, жүрүм-турум жана сүйлөө маданиятын, жеке гигиена жана сергек жашоо негиздерин калыптандыруу.

Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп эсептелет.
- жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга жана өзүн-өзү башкара билүүгө, ошондой эле коомдо жашоо үчүн жетиштүү болгон социалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө окуучулардын инсандык сапаттарын тарбиялоо, калыптандыруу саналат.

Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп эсептелет.
- орто жалпы билим берүү жалпы билим берүүнүн акыркы этабы болуп саналат жана окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү, рухий, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрдү, ошондой эле окутуу дифференциациясынын негизинде өз алдынча окуу иш-аракеттеринин көндүмдөрүн жана кесипти же эмгектик ишмердүүлүктү аң-сезимдүү тандоого даярдыкты камсыз кылат.

Жалпы орто билим берүү башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантуу үчүн база болуп саналат.
- жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталат жана № 48 орто мектеби тарабынан өз алдынча ишке ашырат.
- тиешелүү шарттар болгондо, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суроо-талаптарына жараша, № 48 ЖББОМго ар кандай профилдер жана багыттар боюнча окутуу киргизилиши мүмкүн.

5.2. № 48 ЖББОМ окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана мамлекеттин алдында инсандын сапаттуу билим жана тийиштүү тарбия алууга конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн жооптуу болот.

5.3. № 48 ЖББОМдо окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. № 48 ЖББОМ мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары окутат. Кыргыз Республикасынын расмий тили болуп саналган орус тили, ошондой эле бир чет тили ыйгарым укуктуу орган бекиткен базистик окуу планына ылайык окутулат.

5.4. № 48 ЖББОМ тиешелүү шарттар болгон учурда (педагогикалык кадрлар, окуу-методикалык камсыздоо, материалдык-техникалык жабдуу ж.б.) Кыргыз Республикасынын билим берүү боюнча мыйзамдарына ылайык кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана негизги жалпы билим берүү программаларынан жогору турган кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтө алат. Кошумча билим берүү кызматтары № 48 ЖББОМ менен окуучунун ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен көрсөтүлөт. Кошумча билим берүү кызматтарын сунуштоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

5.5. №48 ЖББОМ окуучуларга саламаттык сактоо органы атайын бекиткен медициналык кызматкер тарабынан акысыз медициналык тейлөө камсыз кылынат , ал №48 ЖББОМ

администрациясы менен бирге дарылоо-алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү жана билим берүү процессин уюштурууда санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү болот. Окуучулардын ден соолугун чыңдоо, аларда сергек жашоо образын калыптандыруу, оорулардын алдын алуу үчүн №48 ЖББОМ ден соолукту сактоо технологияларын киргизет, ошондой эле ар кандай ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрөт.
5.6. №48 ЖББОМ окуучулардын тамактануусун уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.
5.7. №48 ЖББОМ жеке маалыматтарды коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө жеке маалыматтардын купуялуулук режимин сактоо үчүн жоопкерчилик тартат.
Окуп жаткандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында жеке мүнөздөгү маалыматтарды чогултуу ички колдонуу үчүн гана жана жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.
5.8. №48 ЖББОМ окуучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу менен байланышкан жол-жоболорду анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жүзөгө ашырууга укуктуу. Кызмат абалынан улам жеке маалыматтар белгилүү болгон
5.9. №48 ЖББОМ кызматкерлери жеке маалыматтын купуялуулук режимин сактоо боюнча милдеттенмелерди жана жоопкерчиликти өзүнө алышат.
5.10. №48 ЖББОМ өзгөчө абал режими, өзгөчө кырдаал же ал жеткис күч жагдайлары пайда болгон учурда, ошондой эле климаттык шарттар начарлаганда, карантиндик кырдаалдар болгон учурда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен окутууну жарым-жартылай же толук көлөмдө уюштура алат. Бул учурда, педагогикалык жана башка кызматкерлердин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

## 6. ОКУУ-ТАРБИЯ БЕРҮҮ ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

6.1. №48 ЖББОМдо окуу жылы 1-сентябрда башталат. Жол берилген чектеги окуу жүктөмүн эске алуу менен беш күндүк окуу жумасы белгиленет. Ар бир класстагы жыйынтыктоочу жүктөм Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Базистик окуу планына ылайык жол берилген максималдуу милдеттүү жүк болуп эсептелет.
6.2. Сабактардын расписаниеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык түзүлөт.
6.3. Мектептик билим берүүнүн I -II -III - баскычтарында окуу жылынын узактыгы мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын мезгилин эсепке албаганда 34 жумадан кем эмес, ал эми биринчи класста 33 жуманы түзөт.
6.4. Окуу жылындагы каникулдардын узактыгы 30 календарлык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык жумадан кем эмес убакытты түзөт. Биринчи класстагы окуучулар үчүн окуу жылынын ичинде кошумча бир жумалык каникулдар белгиленет. Жалпы билим берүү уюмунун биринчи классындагы сабактардын узактыгы 40 мүнөттү, экинчи класстан жогору - 45 мүнөттү түзөт.
6.5. №48 ЖББОМдо класстардын саны жарандардын берген арыздарынын санына жана санитардык-гигиеналык талаптарга жана класстарды толтуруунун чектүү ченемине ылайык билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга жараша болот. Минималдуу норма - 25 окуучу, чектүү норма - 36 окуучу. Ыйгарым укуктуу орган окутууда класcты чакан топторго бөлүү жүзөгө ашырыла турган окуу предметтеринин тизмесин белгилейт.
6.6. №48 ЖББОМ окуу жана тарбия берүү процессин оптималдуу уюштурууну тандоодо эркин болуп саналат. Окуу сабактарын уюштуруунун негизги формалары болуп сабактар, лекциялар, семинарлар, практикумдар жана лабораториялык иштер саналат, анда окутуунун заманбап каражаттары жана технологиялары кеңири колдонулат.

6.7. Окуучуларга чыгармачыл жөндөмдөрүн жана суроо-талаптарын ишке ашыруу үчүн өнүктүрүүнүн ар кандай каражаттары менен чоң мүмкүнчүлүк берилет.

## 7. ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУГА ЖАНА АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮГӨ ТАЛАПТАР

7.1. №48 ЖББОМго кабыл алууда жынысы, улуту, тили, социалдык жана мүлктүк абалы, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү, дини жана диний ишенимдери боюнча чектөөлөргө жол берилбейт.
7.2. Мектептик билим берүүнүн бардык баскычтарына окутулууга тийиш болгон бардык балдарды жана өспүрүмдөрдү кабыл алуу жүргүзүлөт, ошол эле учурда №48 ЖББОМго бекитилген аймакта жашаган окуучулар биринчи кезектеги тартипте кабыл алынат.
7.3. Балдарды 1-класска кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган аныктаган тартипте мектепке электрондук каттоо аркылуу жүзөгө ашырылат. Кирүү курагы 6-7 жашты түзөт. Социалдык, психологиялык жана физиологиялык даярдыкты эске алуу менен 1-класска 5,5 жаштагы балдар кабыл алынышы мүмкүн. Баланы 1-класска кабыл алуу үчүн керектүү документтердин тизмеси ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет. №48 ЖББОМго кабыл алууда балдарды тестирлөөгө жол берилбейт.
7.4. №48 ЖББОМго кабыл алуу үчүн ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкү документтерди тапшырышат: директордун атына арыз, баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү, ата-энесининин же аларды алмаштыруучу адамдардын паспорттору, жашаган жеринен маалымкат, 0-63, 0-26 медициналык карталары, ден соолугунун абалы жана массалык мектепке баруу мүмкүнчүлүгү жөнүндө дарыгерден маалымкат, мурда окуган жалпы билим берүү мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн жылдык баалары бар окуучунун өздүк делосу, окуу жылынын ичинде которулса бардык сабактар боюнча бааларынын көчүрмөсү (табель), окуучу мурда окуган жалпы билим берүү мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүрүлүп берилет.
7.5. №48 ЖББОМго кабыл алууда окуучу, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) окуу-тарбия процессин жөнгө салуучу Устав жана башка документтер менен таанышуулары тийиш.
7.6. Окуучу №48 ЖББОМдон которулганда кабыл алуучу жалпы билим берүү уюму тарабынан анын катталгандыгы жөнүндө маалымкат берилет. №48 ЖББОМ маалымкат алганда окуучунун ата-энесине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) өздүк делосун берет. Зарыл болгон учурда №48 ЖББОМ окуу учурунда окуудагы жетишкендиктеринин табелин бере алат, ал мөөр жана директордун жана директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын колдору менен күбөлөндүрүлөт.
7.7. Себепсиз 45 жана андан ашык окуу күнүн калтырган окуучуларга педагогикалык кеңеш тарабынан кийинки окуу жылында кайра окутуу сунушталышы мүмкүн.
7.8. Окуучуларды класстан класска которуу, окуп жаткандарды орто аралык (которуу экзамендери) жана жыйынтыктоочу аттестациялоо №48 ЖББОМ тарабынан ыйгарым укуктуу орган аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат.
7.9. Тиешелүү класстагы негизги жалпы билим берүү программаларын толук өздөштүргөн окуучулар №48 ЖББОМ педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат. Мурунку класстагы (баскычтагы) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулар кийинки класска (баскычка) көчүрүлбөйт.
7.10. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган тартипте бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт.
7.11. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык №48 ЖББОМдун Кыргыз Республикасынын герби түшүрүлгөн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) берилет.
7.12. Жалпы негизги же жалпы орто билимди бүтүрө элек жаранга белгиленген үлгүдөгү маалымкат берилет.

7.13. №48 ЖББОМдун педагогикалык кеңешинин чечими боюнча жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу менен укукка каршы аракеттерди жасагандыгы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын бир нече жолу бузгандыгы үчүн педагогикалык таасир көрсөтүүнүн акыркы чарасы катары он беш жашка чыккан окуучуну №48 ЖББОМдон чыгарып салууга жол берилет. Балдар иштери боюнча комиссия ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен бирдикте чыгарылган окуучунун окуусун улантуу үчүн бир айлык мөөнөттө башка жалпы билим берүү уюмуна жиберүү же аны ишке орноштуруу жөнүндө чечим кабыл алат.

## 8. БИЛИМ БЕРҮҮ-ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫ, АЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

8.1. № 48 ЖББОМдо билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана педагогикалык кызматкерлер саналат. № 48 ЖББОМдогу тартипти билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын адамдык кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жүзөгө ашырылат.

**8.2. №48 ЖББОМ төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык окуучуларга акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү камсыз кылуу;

2) бекитилген окуу планына жана сабактардын расписаниесине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылуу;

3) билим алуучулардын жетишүүсүн учурдагы жана орто аралык контролдоону жүзөгө ашырууга жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү менен окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) маалымдоого;

4) билим алуучуларды зарыл окуу китептери менен, анын ичинде ижара негизинде да камсыз кылууга, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын алкагында жалпы билим берүү уюмунун китепканалык жана маалыматтык ресурстарына акысыз жетүүнү камсыз кылуу;

5) билим алуучулардын арасында укук бузуулардын алдын алууга багытталган иш-чараларды жүргүзүүгө;

6) өз ыйгарым укуктарынын чегинде ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн коргоону жүзөгө ашырууга;

7) Мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жана билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан класстан тышкаркы жана мектептен иш программаларына ылайык окуучулар менен тарбиялык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылууга;

8) окуучунун инсандыгын урматтоого, аны физикалык жана психологиялык зомбулуктун, кадыр-баркты басмырлоонун бардык формаларынан, ошондой эле эксплуатациялоонун жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин бардык формаларынан сактоого;

9) билим берүү кызматтарын көрсөтүү жана жалпы билим берүү уюмдарына тарбия иштерин жүргүзүү учуруна окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын адеп-ахлактык, физикалык жана психологиялык ден соолугун, эмоционалдык бакубаттуулугун чыңдоо үчүн шарттарды камсыз кылууга;

10) билим берүү жана тарбиялоо процессине коюлуучу санитардык жана гигиеналык талаптарды, өрт жана башка коопсуздуктун милдеттүү ченемдерин жана эрежелерин сактоого;

11) билим алуучунун ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав, ички тартип эрежелери жана жалпы билим берүү уюмунун билим берүү, тарбиялоо жана административдик ишин жөнгө салуучу башка документтер менен жеткиликтүү формада тааныштырууну камсыз кылууга.

12) жеке мүнөздөгү маалымат жаатындагы мыйзамдарга ылайык окуучулардын инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө маалыматтарды, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке маалыматтарын ачыкка чыгарбоону камсыз кылууга, мындай маалыматтарды берүү мыйзамдарда каралган же окуучунун өмүрүн жана ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо;

13) билим алуучунун жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматка ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу;

14) билим алуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав, ички тартип эрежелери жана жалпы билим берүү уюмунун билим берүү, тарбиялоо жана административдик ишти жөнгө салуучу башка документтер менен жеткиликтүү формада тааныштырууну камсыз кылууга
8.3. №48 ЖББОМ окуучунун мектепте жана анын аймагында, ошондой эле мектептен жана анын аймагынан чегинен тышкары жерде болгон учурда, эгерде мындай болуу мектептин окуу, тарбиялоо жана башка иштерине ылайык ишке ашырылса, окуу, тарбиялоо жана башка иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу мезгилинде билим алуучунун өмүрү жана ден соолугу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

**8.4. №48 ЖББОМ төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) педагогикалык максатка ылайыктуулук менен шартталган окутуу методдорун колдонууга;
2) билим алуучудан окуу жүктөмүн толук көлөмдө аткарууну талап кылууга;
3) билим алуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;
4) билим алуучуну жетишкендиктерине жараша баалоого;
5) ыйгарым укуктуу орган жана жалпы билим берүү уюмунун тиешелүү локалдык актысы тарабынан белгилеген учурларда жана тартипте окутуунун аралыктан билим берүү технологияларын колдонууга;
6) Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын ченемдерине ылайык билим алуучуларга кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө;
7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген категориялардагы окуучуларды окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысынан бошотууга же жеңилдетилген шарттарды белгилөөгө;
8) билим алуучу жана анын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан ички тартип эрежелерин, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин жана уставды сактоону талап кылууга.

**8.5. №48 ЖББОМдун окуучулары төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) билим берүүнүн ар кандай баскычында №48 ЖББОМго окууга кабыл алынуу жана билим берүүнүн түрүн тандоого;
2) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде сапаттуу милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууга, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алууга;
3) кошумча билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөөнүн негизинде алууга;
4) мектептин маалыматтык ресурстарын, китепканалык, маданий-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
5) №48 ЖББОМду белгиленген тартипте биргелешип башкаруу формасында катышууга;
6) балдар уюмунун ишин уюштуруу жана ага катышууга;
7) адамдын кадыр-баркын урматтоого, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;
8) коопсуз билим берүү чөйрөсүн, эксплуатациялоонун ар кандай формаларынан жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттерден, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басмырлоодон коргоого;
9) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөөдөн коргоого;
10) медициналык кароо жана алгачкы медициналык жардамды уюштурууга;
11) билим алуучулардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алуу менен окутуу үчүн шарттарды берүүгө;
12) жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди өз убагында алууга;
13) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген тартипте акысыз тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорт менен жеңилдетилген шартта жүрүүгө.

**8.6. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) №48 ЖББОМдун уставын, башка жергиликтүү документтерди сактоого жана аткарууга;

2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
3) жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, №48 ЖББОМдун башка билим алуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;
4) жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого;
5) № 48 ЖББОМдун ички тартип эрежелерин сактоо боюнча, анын ичинде мектеп кийимине карата талаптарды аткарууга;
6) № 48 ЖББОМдун мүлкүнө аяр мамиле жасоого жана келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартууга.

**8.7. Окуучунун ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) окууну улантуу үчүн окутуунун каалаган этабын, формасын тандоого жана балдарды ага жиберүүгө;
2) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын алкагында баланын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
3) окуучунун  укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле суроолор жана сунуштар менен кайрылуу мүмкүнчүлүгүн коргоого;
4) окутуу процессине кийлигишүүгө укуксуз жана окутуу методдорун өзгөртүү талабы менен тарбиялоонун методдору колдонулган билим берүүнүн мазмуну менен таанышууга;
5) пландаштырылуучу медициналык текшерүүлөрдүн бардык түрлөрү жөнүндө маалымат алууга, макулдуку берүүго жы мындай текшерүүлөргө катышууга, аларды өткөрүүдөн же аларга катышуудан баш тартууга, текшерүүлөрдүн натыйжалары жөнүндө маалымат алууга;
6) №48 ЖББОМду башкарууга жана өнүктүрүүгө, анын ичинде биргелешип башкаруу органдарына, анын ичинде ата-энелер чогулуштарына жана иш-чараларына катышууга;
7) окуучунун болгон ийгиликтери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымат алуу;
8) педагогикалык кеңештин жыйналыштарына жана окуучуга тиешелүү маселелер боюнча башка иш-чараларга катышууга;
9) окутуу процессине тиешелүү маселелер боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарына кайрылууга.

**8.8. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) окуучунун окуусу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, жалпы башталгыч, негизги жана орто билим алуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, анын физикалык жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;
2) окуучунун кадыр-баркын сыйлоого, эмгекчилдикти, кайрымдуулукту, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга,  башка жыныстагыларга, башка улуттарга, мамлекеттик, расмий жана эне тилине, элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга сый мамиле кылууга, сабырдуулукка, зомбулукка, коррупцияга жана басмырлоого карата сабырсыздыкка тарбиялоого;
3) окуучунун зомбулуктун бардык формаларынан жана кайдыгерлик мамиледеги кол тийбестигин камсыз кылууга;
4) Кыргызстан элинин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга, башка адамдардын укуктарын урматтоого, мекенди сүйүүгө тарбиялоого;
5) №48 ЖББОМдун уставынын негизинде укуктардын жана милдеттердин тиешелүү бөлүгүн аткарууга;
6) №48 ЖББОМ менен туруктуу кызматташууну колдоого, окуучуну окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин сунуштарын аткарууга;
7) окуучу мектепке киргенде жана аны окутуу процессинде окуучунун инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө зарыл документтерди жана маалыматтарды өз убагында берүүгө;
8) окуучуну өз эсебинен (билим берүү жаатындагы мыйзамдарга жана/же жергиликтүү өз адынча башкаруу органдарынын актыларында каралган учурлардан тышкары) окуучу үчүн зарыл болгон буюмдар менен (жазуу-кеңсе буюмдары, мектеп жана спорттук формалар ж. б.) окуучунун жаш курагына жана муктаждыктарына ылайык келген санда камсыз кылууга;
9) Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык №48ЖББОМдун окуп жаткандардын мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтурууга;

10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы окуу китептерин ижарага берүү тартибине ылайык жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган окуу китептеринин тизмесине ылайык № 48 ЖББОМнун китепкана фондунун окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн акы төлөнү камсыз кылууга;
11) жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде мектептин ашканасында окуучунун тамактануусу үчүн кошумча акы төлөөгө;
12) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө, ички тартиптин эрежелерин сактоого, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоо жөнүндө, ошондой эле № 48 ЖББОМго же педагогикалык кызматкерлерге келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик жөнүндө окуучуга маалымдоого.
8.9. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) №48 ЖББОМдун аймагынан тышкары жана окуу убактысынан тышкары жүргөн окуучунун ден соолугу жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.
8.10. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) окуучу үчүн тиешелүү шарттардын жоктугу, окуучу үчүн жалпы башталгыч, негизги жана орто билим алуу боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
8.11. №48 ЖББОМго педагогикалык ишке (негизги иштеген жерине) орто/жогорку кесиптик педагогикалык билими бар же орто/жогорку кесиптик билими бар, педагогикалык адистик боюнча кайра даярдоодон өткөн, билими тууралуу диплому жана тиешелүү педагогикалык квалификациясы менен ырасталган жарандар кабыл алынат.
8.12. №48 ЖББОМго "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган тизмеге ылайык башка адамдарды айкалыштырып иштөө үчүн педагогикалык ишке кабыл алууга укуктуу.
8.13. №48 ЖББОМго педагогикалык ишке соттолгондугу же медициналык каршы көрсөтмөсү бар адамдар алынбайт, алардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. Педагогдук иш менен алектенүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.
**8.14. Педагог төмөнкүлөргө укуктуу:**
1) окутуу жана тарбиялоо методикасын, жалпы билим берүү программасын, окуу-методикалык комплектти, окуучунун билимин баалоо методдорун өз алдынча тандоо жана пайдаланууга;
2) мамлекеттик билим берүү стандартынын, окутуу жана тарбиялоо методикасынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин жана окуу-методикалык колдонмону түзүү жана пайдаланууга;
3) инновациялык методдорду жана технологияларды түзүү жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны окуу процессине киргизүүгө;
4) өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга, методикалык колдоо көрсөтүүгө жана насаатчылыкка;
5) окуучуларды билим алуудагы бийик жетишкендиктери жана башка ийгиликтери үчүн сыйлоогө;
6) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык ыктыярдуу аттестациядан өтүүгө;
7) өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоогө;
8) кесиптик иш үчүн тиешелүү шарттарды талап кылууга;
9) №48 ЖББОМду белгиленген тартипте башкарууга катышууга;
10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында белгиленген кошумча социалдык кепилдиктер жана жеңилдиктерге.
**8.15. Педагогдун төмөнкүлөргө укугу жок**:
1) диний жана атеисттик пропаганда жүргүзүүгө ;

2) саясий топторду, партияларды уюштурууга ;
3) шовинисттик, улутчул, милитаристтик, сепаратисттик идеологияны жайылтууга;
4) окуучуларды иш таштоо кыймылдарына жана саясий акцияларга катышууга тартуу;
5) окуучуларга зомбулук кылууга жана ар кандай басмырлоого.
8.15. Педагог төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) педагогикалык этиканын ченемдерин жана №48 ЖББОМдун уставын сактоого жана аткарууга;
2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуучулардын жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;
3) ишке карата өз алдынчалыкты, чыгармачыл мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунун жогорку адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга;
4) ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген кызмат ордуна квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө;
5) өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;
6) окуучуларга карата моралдык жана физикалык зомбулук ыкмаларын колдонбоого.
8.16. Педагогдун педагогикалык жүктөмүнүн көлөмү жылпы билим берүү уюмунун окуу планы боюнча сааттардын санына, кадрлар менен камсыз болушуна жана иштөөнүн башка шарттарына жараша белгиленет.
Окуу планы боюнча сааттардын саны азайган же класстардын саны кыскартылган учурларды кошпогондо, окуу жылынын башында белгиленген педагогикалык жүктөмдүн (педагогикалык иштин) көлөмү №48 ЖББОМдун администрациясынын демилгеси боюнча окуу жылынын ичинде азайтылышы мүмкүн эмес.
8.17. Педагогдорду кесиптик милдеттерине ылайык келбеген жана эмгек келишиминде каралбаган жумуштарды аткарууга алардын макулдугу жок тартууга жол берилбейт. Педагогдун эмгек келишиминде каралбаган иштерди аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында белгиленгенден башка учурларда, аны кызматтан бошотуу үчүн негиз боло албайт.
8.18. Окуучулардын жогорку билим жана башка жетишкендиктери үчүн педагог ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук сыйлыктарына, ошондой эле мамлекеттик сыйлыктарга, ардак наамдарга жана атайын белгилерге көрсөтүлөт.

## 9. № 48 ЖББОМдун БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ

9.1. №48 ЖББОМду башкаруунун жогорку органы жана анын уюштуруучусу болуп Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти эсептелет.
9.2. Уюштуруучунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:
1) №48 ЖББОМдун билим берүү иш-аракеттеринин негизги багыттарын аныктоо, окуу пландарын макулдашуу жана алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду бекитүү;
2) №48 ЖББОМдун директору кызматына сынактык тандоонун жыйынтыктары боюнча 5 жылдык мөөнөткө дайындоо;
3) №48 ЖББОМдон анын иши жөнүндө маалымат алуу;
4) Кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардак наамдар менен сыйлоо жөнүндө сунуштарды кароо;
5) №48 ЖББОМдун ишин токтотууга (кайра уюштуруу, жоюу) байланышкан маселелерди кароо.
9.3. №48 ЖББОМдун түздөн-түз жетекчилиги директору тарабынан жүзөгө ашырылат.
**9.4. №48 ЖББОМдун директору:**
1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт жана аткарат;
2) педагогикалык кеңеш менен биргеликте билим берүүнү башкаруунун тиешелүү аймактык органы менен макулдашуу боюнча №48 ЖББОМдун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана ишке ашырат;

3) жарандардын негизги жалпы жана орто жалпы билим алуудагы керектөөлөрүн канааттандырат;
4) административдик-аткаруу органдарында жана башка уюмдарда №48 ЖББОМдун укуктарын жана кызыкчылыктарын билдирет жана коргойт;
5) №48 ЖББОМдун педагогикалык кызматкерлерин жана техникалык персоналын кабыл алат жана жайгаштырат, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;
6) билим берүү жаатындагы мыйзамдарга ылайык штаттык расписаниени жана тарифтик тизмени иштеп чыгат жана бекитет;
7) билим берүүнү башкаруунун тиешелүү аймактык органы же ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылган жумушчу окуу планын мугалимдер менен бирдикте ишке ашырат;
8) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын талаптарынын чегинде окуучулардын билиминин жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылат;
9) билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруунун колдонулуучу формаларынын, усулдарынын жана каражаттарынын окуучулардын курактык психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө, алардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо талаптарына шайкештиги, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик тартат;
10) класстан тышкаркы/мектептен тышкаркы иштин мазмуну аркылуу окуучулар менен тарбиялык иштерди камсыз кылат жана контролдойт;
11) педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик өсүшү үчүн шарттарды түзөт, ошондой эле аларды аттестациялоону жүргүзөт;
12) билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берилишин жана билими жөнүндө документтерди даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр тууралуу берилген маалыматтардын тууралыгын уюштурат жана жоопкерчилик тартат;
13) балалыкты коргоо, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча талаптарды контролдойт жана сактайт;
14) № 48 ЖББОМдо финансылык-чарбалык ишти жетектейт жана контролдойт;
15) фининсылык каражаттардын, гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин ыктыярдуу төгүмдөрүнөн, анын ичинде жеке жана юридикалык жактардын пайдалануусуна жайларды, жабдууларды жанан шаймандары берүүдө кирешелердин, анын ичинде кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган булактардан түшкөн башка каражаттардын натыйжалуу пайдаланышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;
16) жеке жана юридикалык жактарга жайларды, жабдууларды жана шаймандарды мыйзамсыз бергендиги үчүн, ошондой эле мектептин мүлкүн ижарага берүүдөн түшкөн каражаттарды максатсыз пайдаланган үчүн жеке жоопкерчилик тартат;
17) материалдык-техникалык базанын эсепке алынышын жана сакталышын камыз кылат жанан жоопкерчилик тартат;
18) мектептин коопсуздук техникасынын жана санитардык-гигиеналык режимдин талаптарынын сакталышы, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жоопкерчилик тартат;
19) мектептин өрт коопсуздугу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык окуучулардын жана мугалимдердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген же окуу учурунда өлүмүнө алып келген учурлардын күнөсүнүн даражасына жана оордугуна жараша жеке тартиптик, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигин тартат;
20) кызматтык милдеттерине, мектептин уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.
№48 ЖББОМдун директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), мамлекеттин жана коомдун алдында кызматтык милдеттерине жана эмгек келишимине ылайык мектептин ишинин натыйжалары үчүн жеке жоопкерчилик тартат.
Ишеним катсыз бардык органдарда, мекемелерде, ишканаларда №48 ЖББОМдун өкүлү

болот, №48 ЖББОМдун банктык эсептерин ачат, келишимдерди жана контракттарды түзөт, ишеним каттарды берет, мүлктүн ээсинин макулдугу менен ага оперативдүү башкарууга берилген мүлктү тескейт.
Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде бардык кызматкерлер аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат. №48 ЖББОМдун кызматкерлерин ишке кабыл алуу жана жумуштан бошотуу жүзөгө ашырат.
9.4. №48 ЖББОМдо биргелешип башкаруунун формалары болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, камкорчулар кеңеши, укук бузуулардын алдын алуу боюнча кеңеш, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруусу саналат.
9.4.1. №48 ЖББОМдун окуу процессин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү жана чыгармачылык жактан өсүү максатында, жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллегиалдуу орган - Педагогикалык кеңеш иштейт жана ага директор төрагалык кылат. Педагогикалык кеңеш бардык педагогикалык кызматкерлерден турат.
Педагогикалык кеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
-мектептеги билим берүү процессинин абалын, мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин, ар бир окуучунун билим деңгээлин жана өнүгүүсүн диагностикалоо:
-билим берүү процессин өркүндөтүү жана анын жогорку сапатын камсыз кылуу менен байланышкан педагогикалык маселелерди чечүү;
-билим берүүнүн мазмунун, окутуу жана тарбиялоо иштеринин формаларын, ыкмаларын жана аларды ишке ашырууну талкуулайт жана тандоо жүргүзөт;
-окутуучу кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачыл демилгелерин өнүктүрүү боюнча ишти уюштурат;
-окуучуларды кийинки класска өткөрүү, кийинки класска шарттуу которуу, ошондой эле окуучунун ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашуу менен, аны үй-бүлөлүк билим берүү түрүндө кайра тарбиялоого калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат;
-кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлыктар жана ардактуу наамдар менен сыйлоо, персоналдык стипендияларды белгилөө, ошондой эле аларга жөлөк пулдарды берүү жөнүндө сунуштар каралат.
№48 ЖББОМдун директорунун буйругу менен бекитилген педагогикалык кеңешинин чечими милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.
9.4.2. №48 ЖББОМдун усулдук кеңеши (мындан ары-УК) педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде түзүлөт жана директордун буйругу менен бекитилет. Усулдук кеңеш коллегиалдуу, консультациялык, коомдук, кесиптик орган болуп саналат.
УКнын негизги максаты: билим берүү процессин илимий-методикалык жактан камсыз кылууну, педколлективдин инновациялык ишин, педагогикалык кадрларды методикалык жактан окутууну уюштуруу жана координациялоо болуп саналат.
9.4.3. №48 ЖББОМдун ата-энелер комитети жыл сайын класстардын ата-энелер комитеттеринин төрагаларынан түзүлөт. Ата-энелер комитетинин негизги милдеттери болуп окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү боюнча окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен иштөөнү уюштуруу, үй-бүлөдө баланы ар тараптуу тарбиялоонун мааниси саналат.
9.4.4. Өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштуруу №48 ЖББОМдун локалдык актылары менен жөнгө салынат.

## 10. МҮЛКҮ ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК-ФИНАНСЫЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

10.1 №48 ЖББОМдун имаратын эксплуатациялоодо уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) №48 ЖББОМдун имаратын тийиштүү техникалык, санитардык, өрткө каршы, экологиялык жана архитектуралык-эстетикалык абалда кармоого;
2) объектти пайдалануунун бардык ченемдик мөөнөтүнүн ичинде долбоордук-сметалык жана

техникалык документтерди, техникалык көзөмөлдөө журналдарын, анын ичинде пайдаланууда оңдоо иштерин жүргүзүүнү сактоого;
3) пайдаланылып жаткан имараттардын техникалык абалына кеминде беш жылда бир жолудан кем эмес экспертиза жүргүзүү;
4) пайдаланылып жаткан объекттерди мезгил-мезгили менен оңдоо иштерин жүргүзүүгө, имараттарды пайдаланууга көзөмөл жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талаптарын аткарууга.

10.2. **№48 ЖББОМдун мүлкү төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт**:
- уюштуруучу тарабынан ага берилген жана оперативдүү башкаруу укугунда ага бекитилген мүлктөрдүн;
- жергиликтүү бюджеттен жана башка түшүүлөрдөн;
- бюджеттен тышкаркы каражаттардын;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган бюджеттен тышкаркы иш-аракеттерден киреше алып келүүчү мектептин өздүк каражаттары;
- жеке жана юридикалык жактардын, анан ичинде чет өлкөлүк жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төгүмдөрү;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында карыш келбеген башка булактар;

10.3. Билим берүү ишин каржылоо жергиликтүү бюджеттен жүзөгө ашырылат.

10.4. №48 ЖББОМ билим берүү-тарбия иштерин камсыз кылуу максатында, ушул Уставга ылайык тиешелүү органдар тарабынан менчик укугунун объекттери (жер, имараттар, курулмалар, мүлк, жабдуулар, ошондой эле керектелүүчү, социалдык, маданий жана башка багыттагы зарыл мүлктөр) оперативдүү башкаруу укугунда бекитилет.

10.5. Мүлктү оперативдүү башкаруу укугун жүзөгө ашырууда №48 ЖББОМ төмөнкүлөргө милдеттүү:
- мүлктү натыйжалуу пайдаланууга;
-мүлктүн сакталышын жана максаттуу багыты боюнча пайдаланылышын камсыз кылууга;
- мүлктүн техникалык абалынын начарлашына жол бербөөгө.

10.6. Ыкчам башкаруу укугунда бекитилген мүлктүн багыты боюнча пайдаланылышын жана сакталышын контролдоону мыйзамда белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти ишке ашырат.

10.7. Эмгек акы төлөө фонду эмгекке акы төлөөнүн колдонуудагы шарттары боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун негизинде түзүлөт.

## 11. ЭСЕПКЕ АЛУУ, ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА КОНТРОЛДОО

11.1. №48 ЖББОМ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Райондук билим берүү башкармалыгынын борборлоштурулган бухгалтериясы аркылуу иштин жыйынтыктарынын статистикалык жана бухгалтердик эсебин жүргүзөт.

11.2. Отчеттуулук мамлекеттик уюмдардын талаптарына ылайык берилет.

11.3. Финансы-чарбалык иштин ишин контролдоо жана аудити Уюштуруучу белгилеген тартипте жүзөгө ашырылат, анын функцияларын Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти аткарат.

## 12. ЖОЮУ ЖАНА КАЙРА УЮШТУРУУ

12.1. Ишин токтотуу кайра уюштуруу же жоюу формасында жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

12.2. №48 ЖББОМду кайра уюштуруу же жоюу, эреже катары, окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат. Мындай учурда Уюштуруучу окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашуу аркылуу аларды башка жалпы билим берүү уюмдарына которуу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

12.3. Кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

12.4. Ишти токтотуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

- Уюштуруучунун чечими боюнча;
- сот органдарынын чечими боюнча;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча.
12.5. Кайра уюштуруу жолу менен иш токтотулганда укуктардын жана милдеттердин укук мураскору Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексине ылайык жүргүзүлөт.
12.6. Кайра уюштурууда бардык документтер (башкаруучулук, финансы-чарбалык, өздүк курам боюнча ж.б.) белгиленген эрежелерге ылайык укук улантуучу мекемеге өткөрүлүп берилет.
12.7. Уюштуруучунун же болбосо жоюуга ыйгарым укуктуу башка органдын чечими боюнча жоюлган учурда жоюу комиссиясы дайындалат, ал жоюу тартибин жана мөөнөтүн белгилейт.
12.8. Жоюлган учурда бардык документтер архив органдарынын талаптарына жана Кыргыз Республикасынын "Улуттук архив фонду жөнүндө" мыйзамга ылайык сактоого өткөрүлүп берилет.

## 13.УСТАВГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮНҮН ТАРТИБИ, КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

13.1.Ушул Уставга бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор Уюштуруучу тарабынан бекитилет жана мыйзамда белгиленген тартипте катталууга тийиш.
13.2.Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор мамлекеттик кайра каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.
13.3.Ушул Уставда чагылдырылбаган иштин маселелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**Директор** **Т. Ю. Роткина**